**Чет өлкөлүк юридикалык жактарга** «Керемет Банк» ААКунда эсеп ачуу үчүн төмөнкү документтерди берүү зарыл:

1) Колдордун жана мөөрдүн тагынын үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлгөн, биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен келишимдерге жана каржылык документтерге кол коюу ыйгарым укуктарына ээ кылынган адамдар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн эсепти ачууга арыз;
2) Ыйгарым укуктуу органдарда катталган, өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен кошо, Уставдын (же ишмердүүлүктүн тартибин аныктоочу башка документтин) көчүрмөсү, уюштуруу келишиминин көчүрмөсү (бар болсо);
3) Юридикалык жакты каттоо/кайра каттоо жөнүндө келип чыгуу өлкөсүнүн соода-сатык реестринен көчүрмө же болбосо, кардардын келип чыгуу өлкөсүнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык катталуусун тастыктоочу башка документ. Оффшордук чөлкөмдөрдө катталган жана 1 жылдан ашуун ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып келаткан юридикалык жактар кошумча certificate of good standing беришет;
4) Келип чыгуу өлкөсүнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензиялоого жатуучу ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугуна лицензиянын көчүрмөсү;
5) Колдордун жана мөөрдүн тагынын үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлгөн адамдардын эсепти ачууга жана юридикалык жактын эсепте турган акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктарын тастыктоочу документ (Уюштурууучунун, акционерлердин чечими, уюштурууучулардын, акционерлердин жетекчини/лерди дайындоо жөнүндө чогулушунун протоколу, ишеним кат, буйрук);
6) Нотариустан күбөлөндүрүлгөн колдордун үлгүлөрү жана мөөрдүн тагы бар карточка (1 даана);
7) Юридикалык жактын каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу кылынган адамдардын өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтер (таанышуу үчүн түпнускасы берилет, эсепти ачып жаткан кызматчы андан көчүрмө алат, мында өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин бардык барактарынын (ар бир барагынын) көчүрмөсү алынат). Эгерде өздүгүн күбөлөндүрүүчү документ чет тилинде түзүлгөн болсо, анын нотариустан күбөлөндүрүлгөн орус тилиндеги котормосу кошумча берилет. Эгерде кардар түздөн-түз байланышсыз алыстан туруп жетип операцияларды жүргүзүү үчүн эсеп ачып жатса же оффшордук чөлкөмдөрдө катталган жак болсо, анда юридикалык жактын эсепти ачууга ыйгарым укуктарды тастыктаган тийиштүү таризделген документтерге ээ болгон өкүлү, өздүгүн күбөлөндүрүүчү документтин түпнускасын берүүгө тийиш;
8) Салык кызматы органынын салык төлөөчүнүн салыктык катталуу фактысы жөнүндө маалым каты;
9) Кардар менен түздөн-түз байланышсыз алыстан туруп жетип операцияларды (келишимдерди) жүргүзүү үчүн кардар-юридикалык жак менен мамилелерди орнотууда Банк кардардан анын Кыргыз Республикасында экономикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруусун тастыктаган документтерди (келишимдерди, контракттарды, бажы декларацияларын, салык декларацияларын ж.б.) да суроого тийиш.

*Эгерде документтер чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган Гаага конвенциясына (1961-жылдын 5-октябры) катышуучу өлкөлөрдүн аймагында, Бельгиянын, Австриянын, Германиянын, Грециянын аймактарында берилген документтерди кошпогондо, берилген болсо, алар апостилденген болууга тийиш.*

*Бельгиянын, Австриянын, Германиянын, Грециянын аймактарында берилген документтер, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте легалдаштырылган болууга тийиш.*

*Төмөнкү өлкөлөрдүн аймактарында түзүлгөн документтер үчүн легалдаштыруу же апостиль талап кылынбайт: Азербайжан, Армения, Беларусь, Грузия, Казакстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Украина, Жарандык, үй-бүлөлүк жана кылмыш иштери боюнча укуктук жардам жана укуктук мамилелер боюнча конвенцияга (1993-жылдын 22-январы, Минск) ылайык, көрсөтүлгөн мамлекеттердин аймактарында берилген документтер нотариуста күбөлөндүрүлөт.*

*Чет тилинде түзүлгөн бардык документтер орус тилине которулган жана котормо нотариуста күбөлөндүрүлгөн болууга тийиш.*